# “ЭНЕЛЕР МЕКТЕБИНИН”
## *(Ата-энелер мектеби)*
## ЖОБОСУ

**Максаты:**

*Балдардагы бардык жакшы сапаттардын көпчүлүгү энелерден өткөнүн эске алып, айыл жериндеги энелерге үй-бүлөдө балдарды мектепке даярдоо, акыл-эс, адеп-ахлактык тарбиясы жөнүндө алгачкы педагогикалык маалымат берүү.*

- *Үй-бүлөдө балдардын сезүү, кабылдоо, ойлоо, эстеп калуу ж.б. таанып-билүүгө, билим, тарбия алууга зарыл сапаттарын калыптандыруунун эң жөнөкөй жолун, ыкмаларын үйрөнүү.*

- *Энелерге, айрыкча жаш энелерге – балдарды тарбиялап – өстүрүүгө кызыгууну жоопкерчиликти ойготуу.*

*Азыркы шартта көпчүлүк балдардын (60%) балдар бакчасына барбагандыгын эске алып, балдардын мектепке чейинки даярдыгын үй-бүлөдө толтурууга аз да болсо энелерге көмөктөшүү.*

1. ***Эне мектебинин түзүлүшү***

- Энелер мектеби, ушул жобонун негизинде, ата-энелер чогулушунун жана пед.кеңешменин токтомунун негизинде, мектеп базасында ачылат.

Алгач биринчи класска балдары келе турган энелер кабыл алынат. Андан тышкары класстар аралык “Энелер мектебинде” 1-класстан баштап 11-класска чейин ар бир класстын жаш

өзгөчөлүктөрүн эске алып, үй-бүлөдө балдарды тарбиялоодо ата-энелерге жардам берүү, усулдук багыт берүүчү темалар окутулат.

- Окутуу тездетилип, кыскартылган жана кенейтилген программа менен өтүлүүсү мүмкүн. Атайын журналда "Энелер мектебинин" угуучулары, өтүлгөн темалар катталып барылат. "Эне мектебиндеги" окуу экзамен менен жыйынтыкталып, атайын үлгүдөгү күбөлүк (сертификат) мектеп тарабынан берилет.

## 2. "Эне мектеби" ишмердүүлүгүнүн башкы багыттары жана мазмуну

- Машыгуулар атайын программа негизинде өтүлөт.
- Бала тарбиялоодо эненин милдетин жана ролун түшүндүрүү.
- Билим-тарбия баалуулугу,
- Энелердин өздөрүнүн үй-бүлөлөрүндө балдарга татыктуу таалим-тарбия берүү, мектепке балдарды даярдоо жөнүндө билим – маданият денгээлин көтөрүү.
- Балдарын психо-физиологиялык, интеллектуалдык өсүү мыйзам ченемдүүлүктөрүн үйрөнүү.
- Окуучулардын метепке даярдыгынын айрым проблемаларын анализдеп, кыйын абалдан чыгуу боюнча иш чаралады түзүү, проблемаларды чечүү жолдорун үйрөнүү.
- Ата мекендик, дүйнөлүк жакшы тажрыйбаны үйрөнүп, чыгармачылык менен пайдалануу жолдорун иштеп чыгуу.
- Дене боюн, акыл-эсин, сезимин, адамгерчилик асыл сапаттарын өстүрүүнүн методикасын үйрөнүп, сынактан өткөрүү.
- Элдик педагогиканы үй-бүлө тарбиясында пайдалануу.
- " Мыкты үй-бүлө", "Үлгүлүү эне " тажрыйбасын үйрөнүү.
- Балдарды ар тараптуу өстүрүүчү методдорду өздөштүрүү.
- Даарыгер, тарбиячы, "Мыкты эне", "Мыкты окуучу" ж.б.лар менен жолугушуу.
- Кинофильмди, көркөм, педагогикалык адабиятты жана турмуштук түрдүү ситуацияларда анализдөө, талкуу уюштуруу.
- "Мыкты эне", "Мыкты үй-бүлө", "Мыкты сабак даярдоочу бөлмө" конкурстары өткөрүлөт.



Жогорудагылардын негизинде ата-энелердин педагогикалык маданиятынын өсүүсүнө жана үй-бүлөдө "бала тарбиясы" маданиятын киргизүүгө өбөлгө түзүү.

## 2. "Эне мектебинде" өтүлүүчү машыгуулардын түрлөрү

- Аңгеме; - жолугушуу пикир алышуу
- Лекция; - амалиаттык иштер
- Диспут-дискусия; -реферат, билдирүү, доклад, эссе, сочинение
- Тажрыйба алмашуу жазуу.
- Ролдоштуруу, конкурс.

Сабак машыгуулар илимий негизде, бирок жөнөкөй, жатык тил менен жазылып, өтүлөт.

## 4. "Энелер мектебинин" каржыланышы

- "Энелер мектеби"- бул элдик мектеп; Сабак машыгуулар коомдук башталышта өтүлөт.
- Эгер макулдашылса, сабак, лекцияларга даярдануу жана өтүү үчүн кеткен каражат угуучулардын эсебинен, атайын төлөм же ыктыярдуу салым, мектептин камкорчулар кенеши эсебинен төлөнсө болот;
- Ар бир класстын "Энелер мектебин" ошол класстын жетекчиси же тарбиячысы класстык-тарбиялык сааттардын, класстан тышкарки иштердин эсебинен өтсө болот.
- Мыкты катышкан, жакшы жетишкен угуучуларга кызыктыруучу сыйлыктар берилет. "Мыкты эне", "Мыкты үй-бүлөлөрдүн " тажрыйбасы гезит, журнал, телевизор, радио жана интернет аркылуу жайылтылат.

***1997-ж.***